# Кыскача баяндама

## Кыргызстанда плюрализмдин өнүгүү мүмкүндүктөрү

**Плюрализм боюнча глобалдык борбор**

Май 2015

Кыргызстан ачык жана тынч коом куруу жолунда прогрессти да, артка чегинүүнү да башынан өткөрдү. Бул кыскача баяндамада плюрализмдин түрткүчтөрү тууралуу талдоо жүргүзүлөт жана мындан да жогорку ачыктыкты колдоо мүмкүнчүлүктөрүн жана жолдорун аныктоо аракети жасалат. Бул баяндама Плюрализм боюнча глобалдык борбор тарабынан каржыланып, Кыргызстанда плюрализмге жетүү мүмкүндүктөрү боюнча изилдөө ишине негизделген. Анын корутундулары көңүл көтөрөөрлүк: Кыргызстанда плюрализмди сүрөй тургандар бар, жана ачылган мүмкүнчүлүктөрдү жарандыктын ортоктош жана инклюзивдүү пайдубалын тургузуу үчүн колдонсо болот.

## I. Эмне үчүн Кыргызстан?

Борбор Азияда авторитардык өлкөлөрдүн курчоосунда жайгашкан Кыргыз Республикасы акыркы эки он жылдыкта демократиялык өнүгүү жолунда чоң кадамдарды жасады. Бирок бул көп этникалык өлкө өз эли арасында жалпы жарандык иденттүүлүк жана улуттук биримдик сезимин ойготууда кыйынчылыктарга дуушар болду. Кыргызстан 2010-жылы чөлкөмдө биринчи жолу ачык жана айкын шайлоо өткөрүп, прогрессивдүү жаңы Конституция кабыл алганы менен, өлкөнүн жакынкы тарыхында эки бийлик алмашуу жана кандуу этникалык кагылышуу орун алды. Советтер Союзунан эгемендүүлүктү алгандан кийин Кыргызстан калктын көпчүлүк бөлүгүн түзгөн кыргыздар менен калктын азчылык бөлүгү, өзгөчө өзбектер, ортосундагы чыңалууларга кабылып келет. Бул чыңалуулар экономикалык жана аймактык кысымдардан улам курчуп келген. Алдыга көздөй жол барбы?

Плюрализм боюнча глобалдык борбору тарабынан каржыланган профессор Эрика Мараттын “Кыргызстан: Плюрализм мүмкүндүктөрү” аттуу изилдөөсүнүн негизинде даярдалган бул кыскача баяндамада инклюзивдүү жарандык иденттүүлүктү жана улуттук мамлекетти өнүктүрүү багытында мүмкүнчүлүктөр жана алдыда турган кыйынчылыктар изилденет, ошондой эле этникалык тиешелүүлүктөн тышкары иденттүүлүктүн башка белгилери да каралат. Баяндама борбор тарабынан аныкталган плюрализм “түрткүчтөрүн” негиз катары колдонот.

## II. Кыргызстанда плюрализмдин түрткүчтөрү

Плюрализмге карай өнүгүү социалдык, саясый, маданий жана экономикалык мамилелерден турган коомдун ар бир аспектин камтыйт. Коомго кошулуу жана коомдун четинде калуу көрүнүштөрүн калыптандырган ички факторлорду талдоодо Плюрализм боюнча глобалдык борбору, төмөнкү аныктамага ылайык, плюрализмди алдыга сүрүүчү алты факторду (“түрткүчтөрдү”)колдонот.

### Плюрализм түрткүчтөрү

Көп түрдүүлүктү карманган коомдо кошулуунун жана бөтөндөөнүн булактары

**Жашоо шарты жана деңгээли**
Жарандар (аял жана эркек) мамлекеттин ресурстарын бирдей шартта пайдалана алабы, кандай жол менен пайдалана алат жана базар экономикасында катышуу менен экономикалык коопсуздугун жана жогорку жашоо деңгээлине жетише алабы, кандай жол менен жетише алат.

**Мыйзам жана саясат**
Көп түрдүүлүктү маңыз (баалуулуктар, мыйзам, саясат жана долбоорлор) жана жараян (институционалдык механизмдер) аркылуу башкаруу.

**Жарандар жана жарандык коом**
Жалпы жарандык иденттүүлүктүн негиздери жана жарандык коомдун көп түрдүүлүктү башкаруудагы ролу (мисалы: жарандар, уюмдар, институттар, диний институттар, жеке бизнес, маалымдоо каражаттары, илимий чөйрө).

**Билим берүү жана маданият**
Социалдык/маданий жаатындагы ойлор айырмачылыкка (иденттүүлүк) жана көп түрдүүлүккө (башкалар) таандык. Ал ойлор муундардын арасында жана алардын ортосунда формалдуу жана бейформалдуу билим берүү жана башка жолдор аркылуу берилет.

**Тарых жана эс тутум**
Тарыхтын коомдогу колдонулушу, коллективдүү эс тутумдун көп түрдүүлүктү шыктандырган усулдарынын ролу жана ынтымакташууну жалпы жарандуулукка алып келүүчү жол катары кароо.

**Чөлкөмдөгү таасир**
Аймактык таасирлер жана улутаралык иденттүүлүктөр, ошондой эле көп түрдүүлүктү башкаруу жаатында жашаган жердин (шаар, элет) таасири жана көп маданияттуу шаарлардын көп түрдүү коомдордун ичиндеги таасири.

### Жашоо шарты жана деңгээли

Кыргызстан мурдагы советтик республикалардын арасынан эң эле жакыр өлкөлөрдүн бири. Кыргызстанда чыңылууларды жараткан ички фактор катары жакырчылык көйгөйү көп маселелерге өзүнүн таасирин тийгизет. Жакырчылык деңгээли шаарларга салыштырмалуу айыл жергесинде эки эсе жогору жана этникалык топтор арасында да ар түрдүү деңгээлде экени байкалат. Дүйнөлүк Банктын маалыматына ылайык, жакырчылыктын деңгээли этникалык орустар арасында эң төмөн, ал эми этникалык өзбектер арасында - эң жогору.

Ошондой эле аймактык айырмачылыктар да бар: жакырчылыкта жашагандардын үчтөн бири өзбектер жыш отуруктанкан түштүктүн Ош аймагында жашашат. Советтер Союзу кулагандан кийин аялдар жумушчу күч катары өз ордун жоготушуп, жыйынтыгында бала өстүрүү түйшүктөрү менен жумуштун ортосунда тең салмактуулукту сактоого жардам берген өкмөттүн акчалай жардамынан да ажырашкан. Акча табуу, үй-бүлөлүк жана экономикалык




Көп улуттуу, деңизге чыгуусу чектелген жана тоолуу Кыргызстан Тажикстан жана туруксуз Фергана өрөөнү менен түштүк тараптан чектеш жана өзүнөн кыйла чоң Өзбекстан, Казакстан жана Кытай менен да чектешет.

ролдорду бөлүштүрүүдө туруктуу гендердик ажырымдардан улам үй-бүлөлөрдүн жашоо шарттары начарлаган. Жаштар да Кыргызстандын алсыз экономикасында өз ордун табууда кыйынчылыктарга дуушар болууда.

Кыргызстандын качандыр бир агрардык экономикасы өтө саясатташкан алтын экспорттору менен соодага барган сайын көз каранды болууда. Экономикалык ишмердүүлүктүн чоң бөлүгү каттоодон жана салык төлөөдөн качуу менен шартталган өлкөнүн кеңири жайылган көмүскө экономикасы эркин экономика атаандаштыгын жакшыртуу аракеттерин алсыздандырууда. Кыргызстандын гидроэнергетика тармагын өнүктүрүү аркылуу экономиканы көтөрүү – бул перспективдүү мүмкүнчүлүктөрдүн бири. Бирок жаңы ГЭСтерди ийгиликтүү ишке ашырылышы башкаруу реформаларына көз каранды жана жай айларында Кыргызстандан агып чыккан сууга көз каранды болгон коңшулаш Өзбекстан менен чыңалуулуларды ырбатып жибериши мүмкүн.

Жумушчу мигранттардын акча которуулары кээ бир экономикалык жеңилдиктерди жаратууда. Бирок миграция үй-бүлөгө жана социалдык жашоого, ошондой эле өлкөнүн келечекте өнүгүп кетүү мүмкүндүктөрүнө олуттуу таасирин тийгизүүдө. Дүйнөлүк Банктын маалыматына ылайык, 600 миңден ашуун Кыргызстандын жарандары – жалпы өлкө калкынын 11% - чет өлкөдө жашайт. Жөнөтүлгөн акчалар мигранттардын үй-бүлөлөрүнө өз айылында калып, маанилүү социалдык жана маданий байланыштар жана иш-аракеттер менен алектенүүгө жардам берсе да, социалдык чыгымдар да байкалат. Көптөгөн жаш балдар чоң ата-энелеринин колунда өсүүдө, ал эми өз ата-энелери болсо чет өлкөдө жан багуу менен алек.

Плюрализмдин өрчүшүнө шарт түзүү үчүн жакырчылыктын тамырын жоюу менен аялдарга, жаштарга жана этникалык азчылыктарга пайда алып келүүчү экономикалык өсүп өнүгүү боюнча стратегияны жүзөгө ашыруу маанилүү.

## Мыйзам, саясат жана саясий программа

Эгемендүүлүккө жетишкенден бери, айрым артка чегинүүлөргө карабай, Кыргызстан саясий багытта ачык айкындуулукка жана плюрализмге карай жай, бирок туруктуу кадамдарды жасады. Кыргызстандын жаңы Конституциясы – инклюзивдүү; тегине, гендердик тиешелүүлүгүнө жана тутунган динине карабастан бардык жарандарга бирдей укуктарды колдонууга кепилдик берет. Конституцияда, ошондой эле аялдарга, этникалык азчылыктарга жана жаштарга Жогорку Кеңешке кирүү үчүн 30% квота каралган. Бирок ушул убакытка чейин бул идеалдар реалдуулукта толук ишке ашкан жок: квоталар жана башка иш-чаралар Жогорку Кеңеште көп түрдүүлүктүн жогорку деңгээлин камсыздай элек.

Ага карабастан Конституция – референдумда 90% добушту алып – парламенттик башкаруу системасын орноткондугу үчүн кеңири колдоого ээ. Конституция кабыл алынгандан кийин 2010-жылы тынч жана айкын парламенттик шайлоо өтүп, 2011-жылы президенттик шайлоонун жыйынтыгын сыйлоо менен өлкө жетекчилиги кынтыксыз өткөрүлүп берилди. Кыргызстандын саясий аренасы жандуу: 2010-жылы өткөн парламенттик шайлоодо жыйырма тогуз партиянын талапкерлерлери ат салышып, беш партия 5% босогону багынтуу менен парламенттик орундарга ээ болду.

Кыргызстандын өкмөтүндө плюрализмдин бир нече сүрөөчүлөрү бар. Этностук, диний саясат жана жарандык коом менен өз ара аракеттенүү бөлүмү тарабынан сүрөөнгө алынып, 2012-жылы кабыл алынган «Элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы» Президент Атамбаевдин администрациясынын 2010-жылдын июнь окуяларынан кийин плюрализмди илгерлетүү максаты бар экендигин билдирет.

Жергиликтүү саясатта да аялдардын жана азчылыктардын көптөгөн мыйзамдуу тармактарда өкүлчүлүктөрүн көбөйтүү менен инклюзивдүү чөйрөнү куруу убадалары айтылат. 2012-жылы жергиликтүү кеңешке болуп өткөн шайлоолор өлкөнүн көпчүлүк аймактарында атаандаштык мүнөздө өттү, жана саясий партиялар көз карандысыз байкоону кубатташты.

2010-жылкы улут аралык коогаландан кийин тараптардын арасында ишенимди калыбына келтирүү үчүн коррупциядан жана структуралык бир тараптуулуктан жабыркаган сот системасында реформаларды жүргүзүү зарыл. Ошол эле убакта Кыргызстан элинин адилеттүүлүк түшүнүгү терең болгондуктан, өткөн таарынычтарды жазуу менен гана чектелбейт. Негизги социалдык жана экономикалык теңсиздикти чечүү үчүн мыйзамдуулукту жана күчтүү сот институттарын куруу үчүн мүмкүнчүлүктөр бар. Жарандык коом уюмдары адилетсиздик жана зарыл болгон реформаларды баса көрсөтүү аркылуу олуттуу жана конструктивдүү ролду ойноодо.

## Жарандар, жарандык коом жана иденттүүлүк

“Кыргызстанда жана башка көп улуттуу өлкөлөрдө өткөрүлгөн изилдөөлөр жеке адамдар өздөрүн негизинен бир этникалык топ менен байланыштырган күнү да, бул тектештик башка иденттүүлүктөр менен кошо жашап келүүсүн табышкан.”

Бириктирчүү жарандык иденттүүлүк жокко эсе, ошондуктан азыркы Кыргызстан көпчүлүк болгон кыргыздардын кооптонуулары жана азчылык топтордун, өзгөчө этникалык өзбектердин каалоолору түзгөн ара жолда турат. Бирок дайым эле мындай болгон эмес. Совет доорунa чейин Кыргызстанда иденттүүлүк сезимдери татаал болчу жана этнос түшүнүгүнө көп таянчу эмес. Өлкөнүн биринчи президенти Акаев «Кыргызстан – жалпыбыздын үйүбүз» урааны менен жарандыкка негизделген улуттук биримдикти жайылтуу менен эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары бардык этносторду чогулткан баяндамалар менен белгиленген. Бирок акыркы жылдары этникалык улутчулдук саясий чөйрөгө тарап, кыргыздардын өлкөнүн өзөгүн түзгөн эл катары өзгөчө орду белгиленип, жеке адамдар жана топтор өздөрүн байланыштырган көптөгөн айырмачылыктарын көлөкөдө калтырып, этникалык билдирүүлөр жана стереотиптер андан бетер күчөдү.

Кыргызстанда жана башка көп улуттуу өлкөлөрдө өткөрүлгөн изилдөөлөр жеке адамдар өздөрүн негизинен бир этникалык топ менен байланыштырган күнү да, бул тектештик башка иденттүүлүктөр менен кошо жашап

келүүсүн табышкан. Тил жана жердешчилик – анын ичинде аймактык жана шаардык-айылдык бөлүнүүлөр – иденттүүлүктүн эки эң күчтүү аныктоочу факторлору болуп саналат.

Адам укуктары боюнча БУУнун Башкы комиссарынын башкармалыгынын Борбор Азия боюнча аймактык кеңсеси тарабынан 2013-жылы өткөрүлгөн сурамжылоо бардык этникалык топторду камтыган жарандык иденттүүлүктү илгерлетүүгө ылайыктуу негиз бар экендигин белгилейт: сурамжылоого ылайык, кыргыздар, өзгөчө түштүктө (70%), этносту иденттүүлүктүн эң маанилүү фактору деп эсептейт, ал эми башка этникалык топтор жарандуулукка көбүрөөк басым жасайт. Этникалык өзбектер жарандуулукка негизделген иденттүүлүктү (56%) этностон жогору коюшат (38%). Этникалык, аймактык, гендердик жана экономикалык ажырымдарга карабай, сурамжылоо калктын 91% өздөрүн Кыргызстандын жараны экендигине «өтө сыймыктанат» же «сыймыктанат» деп аныктаган. Бул көрүнүш башка көп улуттуу пост-советтик өлкөлөрдүн айрымдарына салыштырмалуу кыйла жогору. Этникалык иденттүүлүк маселеси курч турбаганда, күчтүү жеке (жана оң маанайдагы) иденттүүлүк келип чыгышын изилдөө божомолдойт.

Гендер эркек жана аялдар үчүн иденттүүлүк түрлөрүн тандоо мүмкүнчүлүктөрүн кандайдыр бир деңгээлде чектейт. Кыз-келиндерге салыштырмалуу жаш эркектер жалпысынан социалдык эркиндиктерге көбүрөөк ээ жана ар кыл таасирлерге кабылышат жана коомдук жайларга кире алышат. Эркектер спорт менен машыгуу жайларында жана интернет кафелерде «эркектигин белгилөөлөгө» мүмкүнчүлүктөрү көп, ал эми ата-энелер ала качуу, зордуктоо жана зордук менен баш кошуу тобокелдиктеринен улам турмушка чыга элек кыздарын көбүрөөк коргойт.

Жарандык коом жандуу өсүп келүүдө жана башка этносторду бөтөндөгөн өкмөт чечимдеринин алдын алуу менен бир топ реформаларды илгерлетүү аркылуу оң мүнөздөгү ролду ойноодо. Шаардык жаштар өзгөрүүгө үндөгөн эң жигердүү топко кирет. Бишкекте жана өзгчөчө Ошто жаштар уюмдары жана активисттер плюрализм баалуулуктарын жайылтууда зор күч болуп бере алышат. Борбор калаанын жаш активисттери аял укуктары, жаратылыштын бузулушу, сот жана тартип сактоо күчтөрүн реформалоо жана шаар инфраструктурасы сыяктуу бир катар маселелер боюнча парламенттин демилгесин колдошот. Ошто жаш активисттер көп тилдүү массалык маалымдоо каражаттарын жана ынтымакташтыруу аракеттерин илгерилетишет. Жарандык коом уюмдары плюрализмди жайылтуу долбоорлорунда маанилүү шериктеш болуп берет.

## Билим берүү, дин жана массалык маалымдоо каражаттары

Билим берүү, дин жана массалык маалымдоо каражаттары – Кыргызстанда плюрализмди колдоодо оң маанайдагы ролду ойной алчу маанилүү институттар. Бул үч тармакта тең шаттуу көз караштарга себептер жана мындан да жакшыртууга мүмкүндүктөр бар.

### Плюрализм

Плюрализм – бул көп түрдүүлүктү камтыган жарандык аркылуу чагылдырылган адамдардын айырмачылыктарын сыйлоо этикасы. Плюралисттик коомдордо ар бир адам жарандык улуттун баалуу мүчөсү жана мамлекеттин тең укуктуу шайлоочусу.

Плюрализмди кармануу үчүн майзамда да, практика жүзүндө да жарандыкка жана атуулдукка жетүү мүмкүнчүлүгүнүн кеңейтилиши талап кылынат. Жарандык коом өкүлдөрү менен өкмөт биргеликте иш алып барышы зарыл жана ар бири жоопкерчиликти алыш керек.

Билим берүү жарандык чөйрөнү калыптандырууда жана социалдык ыкчамдыкты жакшыртууда өтө маанилүү, бирок ал башка көптөгөн өлкөлөргө салыштырмалуу Кыргызстанда өзгөртүү вазийпасын аткара элек. Тил жана мурас эки негизги тармакты түзөт, жана плюрализмди жайылтуу үчүн бул тармактарда окутуу усулдары бекемделиши керек. Көпчүлүк колдонгон жана орус тили менен катар мамлекеттин расмий тилдеринин бири болсо да, финансалык жана саясий себептерден улам кыргыз тилин окутуу жана аны коомдук жашоодо колдонуу артта калууда. Кыргыз тилинин макамынын начар турумунан улам, улутчулдар азчылыктардын тилине жана мурасына колдоо көрсөтүү көпчүлүктүн тилине жана мурасына доо кетирет деп коркот.

> “Билим берүү жарандык чөйрөнү калыптандырууда жана социалдык ыкчамдыкты жакшыртууда өтө маанилүү, бирок ал башка көптөгөн өлкөлөргө салыштырмалуу Кыргызстанда өзгөртүү вазийпасын аткара элек.”

Ага карабай, азыркы жетекчилик кыргыз тилин бекемдөө үчүн салмактуу инвестицияларды жасады: 2013-жылы өкмөт мектептерде жана мамлекеттик агенттиктерде кыргыз тилин өнүктүрүү үчүн орто эсеп менен 213 миң АКШ долларын бөлгөн. Өкмөт кыргыз тилинин чабал турумана байланыштуу кооптонууларды чечүү аркылуу улутчулдарга тил плюрализмин алгылыктуу кылууну үмүттөнүүдө. Муну ишке ашыруу үчүн алар кыргыз тилин өлкө ичинде кеңири жайылтуунун жана тил менен маданий плюрализмди сактоонун ортосунда тең салмактуулукту табуусу зарыл.

Эгемендүүлүккө жетишкенден кийин, мамлекет билим берүү тармагындагы бюджетинин чоң бөлүгүнөн кол жуугандандыктан билим берүү системасы олуттуу инвестициалык салымдарга муктаж. Билим сапаты өзгөчө айыл жергесинде төмөн болушуна карабай, жалпы сабаттуулук жогору жана мектепке баруу кыздар жана балдар арасында 90% жакын. Жогорку окуу жайларында окуган кыздардын саны жогору жана эркек балдарга салыштырмалуу алардын саны ылдамдык менен өсүүдө.



Инклюзивдуу келечекке карай үмүт: Түрдүү улуттарга таандык болгон балдар Оштогу Ага Хан мектебинде чогуу окушат (Сүрөт Ага Хан Өнүгүү Тармагынан алынды)

Кыргыз жана өзбектердин дээрлик көпчүлүгү сунний мусулмандар деп өздөрүн таанып, калктын 88% түзгөндүктөн дин да бириктирүүчү сапатка ээ. 1990-жылдары диний топторго байланыштуу либералдуу саясаттын жыйынтыгында Кыргызстан азыркы күнү салыштырмалуу толеранттуу жана христиан, ислам, иудаизм жана башка диндерге ачык. Экстремизм коркунучтарынын алдын алуу үчүн дин тутууга бир катар чектөөлөр коюлганына карабай, Пью изилдөө борборунун маалыматына ылайык, Кыргызстандын мусулмандарынын 68% өз динин эркин тутуп жаткандыгын айтышкан, жана 90% ашууну башкалар да динин эркин тутуу мүмкүнчүлүгүнө ээ экенине ишенгендигин билдирген.

Кыргызстанда маалымат чөйрөсү да жалпысынан эркин, жана массалык маалымдоо каражаттары саясий лидерлердин жана жарандык коомдун ар түрдүү көз караштарын чагылдыруу менен талаш талкууларга өз салымын кошот. Интернет желесиндеги маалымдоо каражаттары өзгөчө ачык; бир нече жаңылык сайттары президентке, парламентке жана өкмөткө сын айтышат. Бийлик сейрек учурларда гана интернет желесиндеги форумдар жана социалдык тармактарга кийлигишет, ал эми социалдык тармактар аркылуу байланышка чыккан өкмөт кызматкерлеринин саны өсө баштады. Жаш активисттер акысыз маалымдоо каражаттарын колдонуп, Google Translate котормо тутуму үчүн кыргыз тилинде модулун куруу жана анча белгилүү эмес элдик акындар жөнүндө кыргыз тилинде тасмаларды тартуу аркылуу кыргыз тилин жана маданиятын жалпыга жеткиликтүү кылууну көздөөдө.

## Тарых жана эс тутум

«Тарых жана эс тутум: Кыргызстанда жана Фергана өрөөнүндө плюрализмге болгон таасирлери» аттуу профессор Жефф Сахадеонун баяндамасында берилген аныктамасына жараша, тарых Кыргызстан үчүн альтернативдүү мүмкүндүктөр бар экенин далилдейт. Плюрализм боюнча глобалдык борбор тарабынан буйрутма берилген бул баяндама мамлекеттүүлүктүн бириктирүүчү негизи катары колдонууга жарай турган тарыхый учурларга жана алардын чечмеленишине назар салат. Мисалга, Кыргызстан жана Фергана өрөөнү миңдеген жылдар бою маданияттар жуурулушкан жер болуп келген.

Энтостор арасында чыңалуулар көбүн эсе Совет доорунда иденттүүлүктөрдүн территориялык жана этникалык негизде тарыхый калыптанышы менен шартталган. Бир жагынан этникалык өзгөчөлүктөрдү калыптандырып жатып жана аларды мамлекеттүүлүктүн негизи катары колдонуп, большевиктер 1930-жылдардын орто ченинде «элдер достугу» урааны чагылдырып тургандай, этникалык топтор арасында жарандык ынтымактуулукту илгерилетишкен. Эгемен Кыргызстандын тунгуч президенти атуулдуктун, жарандыктын жана улуттун түшүнүктөрүн бири-биринен ажыратып колдонгон. Бирок президенттик мөөнөтү өткөн сайын этникалык улутчулдукка ыктай баштаган.

Кыргыз коомунда гомердик легенда даражасына ээ болгон Манас тарыхый поэмалык эпосу Кыргызстанда иденттүүлүк менен мамлекеттүүлүктү аныктаган баяндоолордун өзөгүндө турган. Манас эпосу Акаевдин учурунда этностор арасында ынтымактуулукту арттырууга колдонулуп келсе, акыркы жылдары ал кыргыздардын мамлекет түптөөчү эл катары макамын бекемдөөгө колдонулуп жатат. Бирок бул оозеки тарыхтын көптөгөн тарыхый варианттары бар. Алардын кээ бири Кыргызстандын маданиятынын көп түрдүүлүгүнө жана элдердин аралашуусу менен алмашуусуна басым жасайт. Бул сыяктуу көз жаздымда калган тарыхтар элдин аң-сезиминде кайра калыбына келтирилиши керек.

## Аймактык жана улут аралык таасирлер

Кытай жана Орусиянын бир кыйла чоң экономикаларынын жакындыгы, туруксуздук, чектеш мамлекеттерде авторитардык режимдерине, чечилбеген чек ара маселелерине байланышкан чыңалуулар жана чөлкөмдөгү бир этнос менен түптөлгөн өлкөлөрдүн улут аралык таасири Кыргызстандын стабилдүүлүк орнотуу жана гүлдөгөн, инклюзивдүү коом куруу мүмкүндүгүнө зор кесепетин тийгизип турат. Карамагында жашаган этностор арасында тынчтыкты бекемдөө аркылуу кошуна мамлекеттер менен тынчтыкта болууга Кыргызстандын деңизге чыгуу мүмкүндүгү жок, жакыр өлкө катары, себептери бар. Ошол эле убакта жалпы чөлкөмдө демократиянын жоктугу Кыргызстанда тынчтык жана стабилдүүлүк орнотуу жараянына терс таасирин тийгизүүдө.

Орусиянын өлкөгө тийгизген таасири күчтүү бойдон калууда. Кыргыз тилине жанаша, орус тили Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан кийин мамлекеттик тил макамына ээ болду, ал эми Совет доорунун таасири билим берүү системасында жана жалпы өлкөнүн инфраструктурасында сезилип келүүдө. Орусия Кыргызстанда негизги инвестор болгонуна кошумча, 90% кыргыз жумуш мигранттары ал жакта жашайт, жана жиберген каражаттары жалпы көөлөмдөн 92% түзөт.

Борбор Азиядагы коңшу мамлекеттер арасында соода-сатыктын жакшыртылышы күчтүү экономикалардын калыптанышына жана аймактык кызматташтык менен туруктуулуктун орношу үчүн абдан маанилүү. Булардын баары – толеранттуу жана инклюзивдүү коом курууга керектүү шарттар. Кен казуу тармагы, өзгөчө алтын, Кыргызстандын экспортунун чоң бөлүгүн түзөт, ал эми бат өнүгүп келе жаткан гидроэнергетика тармагы чектеш кошуна мамлекеттер менен мамиледе эң таалылуу көйгөй бойдон калууда. Орусия – жаңы ГЭСтерди курууда негизги инвестор, ал эми бул гидрокурулуштун мамлекет аралык суу агымына таасири Өзбекстанга түздөн-түз кедергесин тийгизет. Жакшыртылган башкаруу системасы жана жаңы ГЭСтер аркылуу Кыргызстан ашыкча энергияны Афганистанга, Пакистанга жана Кытайга экспорттоону үмүттөнүүдө.

## III. Плюрализмди жайылтуу мүмкүндүктөрүн бекемдөө

Кыргызстанда инклюзивдүү жана плюралисттик коомду куруу үчүн олуттуу негиздер бар.

Алардын арасына жакында өткөн ачык айкын шайлоо жана жандуу саясий чөйрө менен мүнөздөлгөн демократиялык талкуулардын тамырларынын тереңдеши, демократиялык институттарда этностордун инклюзивдүү көрсөтүлүшүнө үмүт берген конституциалык реформаларга болгон жалпы колдоо, кужүрмөн жарандык коом, жандуу жана цензурадан эркин маалымдоо каражаттары, өкмөттө иштеп жаткан плюрализмдин жигердүү колдоочулары жана Кыргызстан мамлекетине этностор арасында жалпы берилгендик сезими.

> “Кыргызстанда инклюзивдүү жана плюралисттик коомду куруу үчүн олуттуу негиздер бар.”

2010-жылдан кийин ишке ашырылган олуттуу демилгелердин арасында 2012-жылы өкмөт тарабынан кабыл алынган «Элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы» бар. Бул концепция көп түрдүүлүктү этникалык, маданий, тил жана жаш курак багыттарында аныктап, «биримдик көп түрдүүлүктө» делген көз караштычагылдырат. Маанилүү жагы, концепция коомчулуктар арасындагы чыңалуулардын себептерин түшүндүрүүдө этникалык мамилелерден тышкары карап, Кыргызстандагы экономикалык, демографиялык жана саясый өзгөрүүлөрдү эске алат. Эми концепция камсыз кылган мүмкүндүктөрдү толугу менен түшүнүп, пайдалануу керек.

Дүйнөлүк коомчулук Кыргызстандагы коогалаңдын тамырын жана түз кесепеттерин жоюууга, жашоо деңгээлин жана өсүүгө багытталган экономикалык өнүктүрүү жолдоруна көңүл буруп жатканы менен, жогоруда белгиленген негиздерди колдонуу аркылуу плюрализм маданиятын калыптандыруу үчүн кошумча көптөгөн аракеттер жасалышы керек.

Кыргызстанда плюрализмди өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрүнүн айрымы:

- Саясий лидерлер, өкмөт кызматкерлери жана жарандык коом мүчөлөрү менен иштөө жана алардын жаштардын, аялдардын, гендер жана этникалык азчылыктардын жана башка ыңгайсыз абалдагы бир катар топтордун муктаждыктарын билүү жана коомчулукка көтөрүү жөндөмдүүлүгүн жакшыртуу.
- Плюрализмдин жергиликтүү жактоочуларын конференцияларга, тажрыйба алмашууларга жана расмий окуу программаларга катыштырып, көп түрдүүлүктү карманган өлкөлөрдүн тажрыйбасы менен тааныштыруу аркылуу колдоо.
- Окутуучуларга жана министрлик кызматкерлерине эксперттик жана адистигин көтөрүү булактарын камсыз кылуу аркылуу Кыргызстандын көп түрдүү коомун даңктаган жана мындан да күчтүү толеранттуулукту жана топтор арасында өз ара сыйлоону арттырган окутуу программаларын даярдоо.
- Көз карандысыз талдоо үчүн ар түрдүү форумдарга чогулуу жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын жөндөмдүүлүгүн көтөрүү аркылуу жүйөлүү коомдук талкуу алып баруу маданиятын колдоо.
- Жумушка орношуу мүмкүндүктөрү гана менен чектелбей, келечекте мындан да инклюзивдүү жана демократиялык коомдо лидер болуу жөндөмдүүлүгүнө көңүл буруу менен Кыргызстандын жигердүү шаар жаштарынын максаттарын жана күчтүү жактарын туура колдонуу.
- Кыргызстандын экономикалык мүмкүндүктөрүн жогорулатуу жана аймактагы этникалык чыңалууларды жоюуу үчүн аймактагы тыгыз соода алака менен кызматташууну колдоо.
- Сот системасын реформалоо жана 2010-жылдагы улутаралык коогалаңга күнөөкөрлөр жазаланбай калды деген айыптоолор боюнча чыңалууларды чечүү үчүн өкмөт жана жарандык коом менен иштөө.

Плюрализм боюнча глобалдык борбор – бул көп түрдүүлүктү жаңы глобалдык этика катары сыйлоону арттыруу үчүн Ханзаада Ага Хан тарабынан жана Канада өкмөтү менен биргеликте түптөлгөн эл аралык изилдөө жана билим борбору. Борбор ийгиликтүү коомдордун пайдубалы катары адамдын көп түрдүүлүгү бааланганда жана таанылганда өкмөттөр жана жарандык коом кандай жетишкендиктерге жетээрин айгинелеп турган Канаданын плюрализми менен шыктанып турат.